УДК: 37.00

**Муратов Т. Р.**
окутуучу
*Б. Сыдыков атындагы Эл аралык Кыргыз-Өзбек*
*университетинин медициналык колледжи*

## ААЛАМДАШУУ МЕЗГИЛИНДЕ СЛЕНГДИН ТИЛГЕ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Муратов Т.Р.**
преподаватель
*Медицинский колледж Международного*
*Кыргызско-Узбекского университета им. Б. Сыдыкова*

## ВЛИЯНИЕ СЛЕНГА НА ЯЗЫК ВО ВРЕМЯ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

**Muratov T. R.**
teacher
*Medical College of the International*
*Kyrgyz-Uzbek University named after B.Sydykov*

## THE IMPACT OF SLANG ON LANGUAGE DURING GLOBALIZATION

**Аннотация.** Макалада ааламдашуу мезгилиндеги сабатсыздыкты жоюунун негизи катары сабаттуу билим берүүнүн теориялык жана методологиялык аспекттери каралган. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча сабаттуулуктун манызы жана мазмуну, адам баласынын жашоосундагы анын орду, сапаттуу билим берүүнүн сабатсыздыкка тийгизген таасири, көйгөйлөр жана аны чечүү жолдору, элибиздеги эң негизги таалим тарбия боюнча ойлор сунушталды. Билим берүү системасын өнүктүрүүдө мугалимдер кесиптик денгээлин жогорулатып, техникалык жактан каражаттар туура пайдаланылса, окутуу методикаларын туура пайдаланса сапат жогорулайт. Изилдөө процессинде аналитикалык, монографиялык изилдөөлөр ыкмалары колдонулду.

**Негизги сөздөр:** сабаттуулук, билим берүү, тарбия, адептүүлүк, мугалим, коом, көйгөйлөр, техникалык каражаттар, жаштар, тажрыйба.

**Аннотация.** В научной статье рассматриваются теоретические и методологические аспекты грамотного образования как основы преодоления неграмотности в период глобализации. По результатам проведенного исследования были предложены значение и содержание грамотности, ее место в жизни человека, влияние качественного образования на неграмотность, проблемы и пути ее решения, важнейшее образование в нашем народе. В развитии системы образования учителя повышают свой профессиональный уровень, при правильном использовании технических средств и правильном использовании методов обучения качество будет повышаться. В процессе исследования использовались аналитические, монографические методы исследования.

**Ключевые слова:** грамотность, образование, воспитание, нравственность, учитель, общество, пастухи, технические средства, молодежь, опыт.

**Annotation.** The proposed scientific article examines the theoretical and methodological aspects of literacy education as the basis for overcoming illiteracy in the period of globalization.Based on the results of the conducted research, the meaning and content of literacy, its place in human life, the impact of quality education on illiteracy, problems and ways to solve it, the most important education in our nation were proposed. In the development of the education system, teachers increase their professional level, if technical means are used correctly, and teaching methods are used correctly, the quality will.

**Key words:** literacy, education, upbringing, morality, teacher, society, shepherds, technical means, youth, experience.

Ааламдашуу убагында билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын негизги максаты - билим берүү кызматтарынын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу жана билимге бирдей жетүүнү камсыздоо. Бул жаатта ар бир окутуучу, окуучу жана ата

эненин аракетинен жана тыгыз иш алып баруусунан көз каранды.

Ар бир ата-эне заманбап дүйнөдө коопсуздук көндүмдөрүнөн тышкары балдарына билимдин маңызын үйрөтүшү керек. Биз балдарыбызга тамактын алдында кол жууганды, жолдон туура өткөндү үйрөткөндөй эле, акчага туура мамиле жасаганды, аны акылдуулук менен колдонгонду, өзүнө талыкпай билим топтогонду да үйрөтүшбүз керек. А түгүл толук билими болбосо, эч бир адам ийгиликке жете албайт. Ошондуктан жаш муун бала чагынан тарта билимге карата өз милдеттерин түшүнүп, өз өнүгүүсү үчүн максаттарды коюп, ошолорго кайсы багыттардын эсебинен жете турганын баамдаганды билиш керек.

Сабаттуу деген эмне? Бул сөздүн бүгүнкү күндөгү биз жашап жаткан заманга кандай тиешеси бар? Сабаттуу деп алгач кыргыздарда кат окуй алган жана жаза билгендерди айтышканы баарыбызга аттын кашкасындай белгилүү болсо керек. Анда бүгүнкү күндө да эмне үчүн кайрадан эле сабаттуулук маселесин көтөрүп жатабыз? 21-кылым өнүккөн техникаларды адам акылы менен башкаруучу заман болуп жатса. Бир саамга акыл калчайлы...

Өнүккөн техниканы адам акылы менен башкаруучу заман деген пикирге ким кошулат?.. Албетте мен кошулгум келбейт. Анткени баары тескерисинче, тагыраагы техника адам балдарын башкарып алды. Жөнөкөй эле турмушубуздан алып караганда, бүгүнкү күндө балдары ата-энелерин угушпай, жоосунсуз жоруктарды жасап коомду манкурттчулукка алып барышууда.Буга балдардын социалдык тармактарга көп берилип,онлайн оюндарын такай ойноп тургандыктарынан көздөрү көр, кулактары керең болуп калды, тагыраагы адамдын аң-сезимин ошол техника уурдап алды. Демек техникага кандай мамиле жасоо адебин билбегендиктен адам баласы ага кызмат кылып калды. Ооба техника адамдын жумушун тез арада бүтүрүү жана убакытты үнөмдөө үчүн түрдүү багытта чыгарылып жаткандыгы анык. Бул болсо адамдын сабаттуулугу. Бирок чыгарылган техниканы колдонуу өз максатына жеттиби?.. Албетте максатына жеткен жок. Анан калса сабаттуулукту жоюу адептүүлүк экенин түшүнүшүбүз абзел.

Адам баласынын жашоосу адамдын сапатына байланыштуу. Ал сапаттар бири-бирине чынжырдай байланып, бир бүтүм түзүп турат. Ал сапаттык мүнөздүн эн жакшысы адеп деп билем, бул мүнөз менен жакшы нерселер өзү сени ээрчип келет. Сабаттуулук деген эмне? Сабаттуулукту жоюунун эмне кереги бар? - деген бир нече суроого жооп берүү кыйын. Сабаттуулук чын айтканда мугалимден башталат. Эгерде мугалим ар бир сабакты кызыктырып, оюндар менен өткөрсө балдардын кызыгуусу артат. Мугалимдердин кесиптик денгээлин жогорулатып, техникалык жактан каражаттар туура пайдаланылса сапат жогорулайт деген ойдомун.Акыркы жылдары элдин сабаттуулугу төмөндөп бара жатат .Ага оор турмуштун айынан балдарын мектепке эмес, базарга тартылганы себеп болууда. Албетте,билим ала албасан ийгиликсиз адамдын катарын толуктап каласың жана сүйлөгөн сөздөрүңдүн ар бирине сленг сөздөр кошулуп, уккан адамга жагымсыз болушу ыктымал. Ошондуктан «Билим алуу ийне менен кудук казгандай « деп бекеринен айтылбаса керек [1]. Эгерде адамдын өз үндө аракети болсо билим алууда кыйынчылык болбошу мүмкүн. Билимсиз адам жашоосунда да көп жоготууларга учурашы ыктымал. Азыркы учурда насыя алып, үй салып, унаа алып, той өткөрүп жана аны башка керектүү муктаждыгына жумшаган жарандар көп. Бирок насыя алуу ар кандай кыйынчылыктар менен коштолбогон үчүн калктын каржылык сабатын жоюуу учурдун актуалдуу талабы болуп тургандыгы манилүү. Көпчүлүк үй-бүлөлөрдө насыяны алып аны туура эмес жакка коротуп, айлык- маянаны алып чогултпай ары-бери ойлонбой туруп, сарптап жиберүүнүн кесепети тийүүдө. Насыя алаарда адам ойлонушу керек. Бул менин кааломбу же сунушумбу? Өзүнүн кирешелерине ченеп алышы керек. Мунун баары билимди толук кандуу албагандыктан келип чыгат. Учурда жер шаарындагы калктын көпчүлүгү сабаттуу деп саналганы менен канча миллиондогон адамдар үчүн, сабаттуулук ишке ашпаган максат бойдон калып кетет. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө калктын 20 пайызы сабатсыз деп эсептелсе, 100 млнго жакын бала мектепке барбайт. Мунун баары сабаттуулукту жоюуга алып келет.

Биз келечек жөнүндө ой жүгүртүп жатып, эң жөнөкөйдөн, келечекте кимдер менен кошуна болоорубузду же кимдер менен, кандай инсандар менен иштей турганыбызды элестетсек, керектүү картина жана сүрөт белгилүү болот. Азыркы айылдык мектептердеги жалпы абалды, мугалимдердин жетишсиздиги менен бирге, даярдыгы же-

тиштүү болбогон кадрларды, кесиби мугалим болбосо да мугалим болуп иштеп жаткандардын келечекке берген оң же терс таасирин, мектеп психологунун же мектептеги психолог-консультанттардын, окуу китептеринин жетишсиздиги сыяктуу проблемаларды алалы. Шаарда ата-энелер тарабынан каралбай калган балдар, көчө балдары - кароосуз калгандар, кайыр сурап жүргөнгө мажбур болгондор, майда-чүйдө уурдап жашоого мажбур болгон балдар, же көчөдөгү аларга каршы күч колдонууну башынан өткөзгөн балдар, (психологиялык же физиологиялык таяк жеген) ар бир нерсени акча менен гана баалагандар... эртеңки күндүн, 15, 20, 30 жылдан кийинки убакыттын чоң кишилери, жашоочулары болушат. Көбүнчө зордук зомбулукка баш ийип жашаган, сырттан да, телевидениеден да, газеталардан да ошондой кабарларды угуп, ошондой көрүнүштүн күбөсү болгон, азыркы жаш балдардын чоңойгондо толук кандуу, аң сезимдүү, маданияттуу, жоопкерчиликтүү инсан болооруна кантип кепил боло алабыз? Албетте, бул жерде бүт бардык мектептерди же коомубузду ушундай абалда дегенден алыспыз. Антсе да, мындай көрүнүш өлкөбүздө бар экени чындык жана муну көрмөксөн болууга акыбыз жок. Ушундай кыйынчылык менен бирге алдыңкы тажрыйбаларын таратып, жаштарыбызды бүтүндөй өлкө сыймыктана турган деңгээлде тарбиялап жаткан мектептерибиз, мугалимдерибиз, окуу жайларыбыз да аз эмес. Мындай көрүнүш албетте бизди сүйүнтөт. Ондогон кылымдарды басып өткөн тарыхый жолубузга карап олтурсак, бабалар басып өткөн жол, алардын бүтүндөй жашоосу накыл кеби, салт-саанасы, таалим тарбиясы, эч нерсе менен алмаштыргыс баалулукка дуушар кылат.

«Тарбия эненин курсагында башталат жана балага айткан ар бир сөзүбүз, анын инсан болуп калыптанышына чоң тасирин тийгизет» деп улуу ойчул Хосса Балов белгилегендей тарбия – инсандын жүрүм-турум эрежесинин системалык башаты экендиги баарыбызга маалым. Анткени тарбия адамзат, улут, коом топтогон социалдык-тажрыйбаны, маданиятты, руханий адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы болуп саналат [2]. Коом өнүгүп-өскөн сайын аны менен тыгыз байланышта жашап жаткан адам факторунун калыптанышы өзгөрүп жүрүп олтурат. Эмне үчүн ал негизги фактор? Адамсыз коомдун бирда жагы өнүктүрүлбөйт, жогорку акыл-эс, сый-урмат адамга, анын өмүрүнө таандык. Демек тарбиянын өзөгүн улуттук педагогика түзүүгө тийиш. Кыргыздын элдик педагогикасы ондогон кылымдар бою кырындыдан чогултулуп, нарк нускалуу каада салтын түзүп келишкен.

*Цивилизация* – маданияттын жеткен чеги демекчи, кыргыздын цивилизациясы тээ эне курсагындагы баланын бул дүйнөгө жаралышынан баштап, ак кепин оролуп чын дүйнөгө узашына дейре жети атасынын канын улоочусу катары уул-кызында сактала берет. Цивилизацияга баруудан мурда биз эмнеге көңүлүбүздү бурушубуз керек? [3] Бул үчүн ата-бабаларыбыздын асыл, акыл сөздөрүн, керээздерин, осуяттарын урпактарга төкпөй- чачпай жеткирип, керек болсо толуктап, кошумчалап, жаңы агым менен жаңыча көз караш менен өнүктүрүү-эң зарыл шарты ушундай болуп саналат [4].

Тарбиялоо – бул коомдун мүдөөлөрүнө жана муктаждыктарына жараша адамдын адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруу боюнча максатка багытталган, план ченемдүү иш. Ал эми элдик педагогика илгертен бери карай коомдогу таалим- тарбиянын ролун ар дайым көсөмдүк менен аныктап, ага чечүүчү маани берип келген. Педагогикалык илимдин классиктери таалим-тарбиянын негизги көздөгөн максаты жөнүндөгү маселени коомдун педагогикасынын биринчи философиялык маселеси деп эсептеген. Демек, тарбия концепциясы, биринчи иретте, өлкөбүздүн, коомубуздун таалим-тарбия ишмердигинин түпкү, башкы максатын алдын ала так аныктап алыш керек [5].

"Адеп, адептүүлүк" латын тилинен которгондо "жүрүм-турум", башкача айтканда этика, эстетика деген көп маанини камтыган сөз болуп эсептелинет. Мисалы: адептүү-тарбиялуу, тартиптүү, ыймандуу, ызаттуу кулк-мүнөз, жүрүм-турумдун этикасы. «Адеп башы-кызыл тил!» деп макал айткан элибиз, ошол кызыл тилдин чеберчилигенде адептүүлүк –адам көркү деп билишкен. Баланы кандай жолго баштап тарбия берсе, ага чөйрөнүн таасири күчтүү болоорун В. Г. Белинский эң туура айткан. Баланын мыкты тарбия аларын биздин ата-бабалар төмөндөгүдө 3 сапаттан көрүшкөн:

1) Үйдөн (ата-энесинен, жакындарынан) улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо;

2) Элден (айлана-чөйрөдөн, карыялардан, улуу муундан) карынын сөзүн капка сал;

3) Мугалим устаттардан [6].

Мына ушул 3 сапат чөйрөнүн таасири, адам баласына инсаният болуп калыптанышында негизги фактор болуп саналат. Манас атанын 7 осуятын алсак көөнөргүс дөөлөт, тарбиянын тээ түпкүрү шуру сымал тизмектелип бир уккан адамга жаа сымал атылып, жүрөктүн ортосунда толто сыяктуу орун алат.

Тарбиянын мазмунун төмөнкүлөрдөн билсек болот:

а) Мамлекеттик тил – таалим-тарбиянын мазмундук пайдубалы;

б) Калктын уулу тарыхы – тарбиянын улуу тарыхы;

в) Кыргыздын бай фольклору, адабияты жана искусствосу – таалим-тарбиянын көөнөрбөс көрөнгөсү [6].

Кылымдар бою түзүлгөн элдик мораль, ата-бабаларыбыз түзгөн улуу адептик-ыймандык нарк дөөлөттөр – тарбия-таалимдин гүл азыгы.

Байыркы Грециянын улуу ойчул, даанышмандары да: Демокрит, Аристотель, Сократ, Платон да тарбия берүүдө, акылдуу сөздөрдүн, акылмандуулуктун жана чечендик айтыштардын түпкү маанисин билүүгө көп көнүл бурушкан. Алар биздин заманга чейинки доорлордо болушса да, алардын айткандарынын мааниси өчө элек. Мына ушул даанышмандардын сөзүн, азыркы учурда жаңы муунду тарбиялап жаткан педогогдор жаңы көз караш менен, жаны багыт менен жаш муундарды тарбиялашса сөз өзөгүнүн мааниси текке кетпейт эле [7].

Жыйынтыктап айтканда тарбиянын башаты тээ эне курсагындагы балада болсо, аягы азыркы заман өзгөрүү агымындагы цивилизациясында. Инсандын өнүгүүсүн аныктоочу фактор болуп тукум куучулуктан сырткары чөйрө эсептелүүдө [8].

Чөйрө – бул реалдуу чындык,анын шарттарында адамдын өнүгүүсү жүрөт. Ошондуктан ар бир инсан балага тарбияны туура жана билимди жеткиликтүү кылып берсе сабатсыздарды учуратуу мүмкүн эмес.

**Адабияттар:**

1. [Электрондук ресурс]. - Мүмкүнчүлүк режими: http: // http: ktrk.kg

2. Кыдырбаева,Р. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү: Р. Кыдырбаева, К. Асаналиев.- Бишкек: 2004.-156 б.

3. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Философия энциклопедиялык окуу куралы. - Б.:2004 ISBN 9967-14-020-8

4. Шергалдиева , А. Адеп башы- элдик мурастарда : А.Шергалдиева.-Кант : 2005. – 62 б.

5. [Электрондук ресурс]. - Мүмкүнчүлүк режими : https:// kutbilim. Journalist.kg

6. Муратов, А. Таалим-тарбия берүүнүн ыкмалары. 2005. -50 б.

7. [Электрондук ресурс].- Мүмкүнчүлүк режими : https://ky.wikipedia.org/

8. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «БАЛАЛЫК» программасына методикалык сунуштар Бишкек, 2017.-74 б.